# Канча бут болуш керек?



Автор: Мира Абдиметалиева

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Канча бут болуш керек?

Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"**Канча бут болуш керек**?"(кыргыз тилинде), автор Мира Абдиметалиева, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Сколько нужно ног*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эл кайда көчөт жашыл бакчада энеси менен жашачу. Күнүгө ал мектепке учуп барып, курбулары менен ойночу.

Бир күнү Эл кайда көчөт үйүнөн учуп чыгары менен, катуу шамал башталып, өзү менен кошо андан ары алып кетти. Ошентип Эл кайда көчөт коңшунун бакчасындагы чоң капустага түшүп калды.



Ары-бери карап, таң калыштуу сулуу айымды көрүп калды. Анын башында кооз мүйүздөрү, кирпиктери капкара, упузун, кийгени жарашыктуу жумшак тукаба тон.

Кыркаяк эринин шашпай боёду да, Эл кайда көчөттү көңүл коё карады.

– Эй, тырмактай болуп каяктан келдиң? Сенин апаң кайда?

– Апам жумушта. Мен мектепке учуп бараткам. Шамал айдап, ушул жерге түшүпкалдым. Сиз эмне кылып жатасыз? – деп сурады кичинекей.

– Мен кечинде театрга барам! Ошон үчүн жакшылап жасанышым керек.

– Азыр эртең мененки тогуз эле го!

– Сен көрдүңбү, менин канча бутум бар?




Эл кайда көчөт Кырк аякты көңүл коюп карады. Чын эле, буту аябай көп экен. Ал санай баштады: бир, эки, үч, төрт… кырк! Кырк бут!

– Сиз жетишесизби?

– Албетте, үлгүрөм! Мен дайыма жетишем!

– Сиз бүгүн канча туфли кийесиз?

– Ушундай да суроо болобу? Канча бут болсо, ошончо туфли кийиш керек да! Бүгүн мен кызыл туфли кийишим керек!



Эл кайда көчөт эртеден кечке туфли тууралуу гана ойлоно берди. Кырк кооз кызыл туфли!

Кечинде ал апасын кырк туфли сатып бер деп кыйнай баштады.

– Мынча бут кийимдин сага эмне кереги бар? Кырк аякка кырк туфли керек, анткени анын кырк буту бар. Биз Эл кайда көчөт болобуз. Алты бутубуз бар, демек алты туфли жетет.

– Кырк буттуу болгум келет! Кырк аяк эженин бутундай кооз кырк буттуу болгум келет!

– Сен ансыз деле менин сулуумсуң! Карачы, сенин кандай гана кооз кызыл канаттарың бар! Кара чекиттериң кандай кооз!

– Мен кырк бутум болушун каалайм! – деп кежирденип, сөзүн бербеди.



Эртеси мектепке бара жатып, коңшу бакчага учуп жөнөдү. Кырк аяк көңүл ачууга даярданып, ыңгайлуу кроссовкаларын кийип жатыптыр. Албетте, ар бир бутуна окшош кырк кроссовка! Кандай гана кооз!

Кечинде Эл кайда көчөт үйүнө келгенде, кайрадан ыйлап кирди. Ал ушунчалык Кырк аякка окшош болгусу келди. Анын алты эмес, кырк туфлиси болмок!
Ал басылбай ыйлай берди, ыйлай берди, акыры апасы макул болду.

– Макул. Эртең докторго баралы. Сага кошумча буттарды тигип берүүсүн өтүнөбүз. Бирок, байпактарыңды өзүн жууйсуң! Алар дагы кырк болот да.




Доктор Бульдог дагы Эл кайда көчөттү көпкө көндүрүүгө аракет кылды:

– Дени сак жандыкка ашыкча жүктүн кереги эмне? Ррррррр!

Эл кайда көчөт өзүнүкүн бербей койду !


– Бут – сеники, өзүң бил! Азыр сага ийне саям, уктайсың, мен сага кошумча буттарды тигип берем!



Эл кайда көчөт ойгонгондо, ал кырк буттуу болуп калыптыр. Ур-ра!

– Мен мектептеги досторума буттарымды көрсөтөм! Ага чейин, адегенде, дүкөнгө барып, кырк туфли сатып алалы! – деди ал апасына кубанычтуу карап.

Өзүн бактылуу сезген Эл кайда көчөт канаттарын күүлөдү. Бирок өйдө көтөрүлө албады! Канаттарын бардык күчү менен шилтеди, бирок кроваттан жыла албады.




Доктор ага назик канаттары алты бутту гана көтөрүп уча аларын түшүндүрдү.

– Анда жөө барам, канаттарымды көнүктүргөндө гана учам, – деп чечти Эл кайда көчөт.

Бир кадам таштап эле, кулап түштү. Жыгылганда, кырк тизеси тең ооруп калды.

– Ой, ооруп кетти! – деп ыйлады Эл кайда көчөт. – Эч нерсе болбойт… Азыр турам да, дүкөнгө барабыз.



Бирок ал буттарына да тура албады. Алты буттуу болсоң – бир жөн, кырк бут – башка иш болуп жатпайбы. Кыйын болсоң, бир убакта кырк бутка туруп көрчү!

– Азырынча, кырк бут менен басканга үйрөнө элекмин. Бирок сөзсүз үйрөнөм! Дүкөн жакын эле, жөргөлөп барса да болот.

Бирок Эл кайда көчөт жоргөлөй албай койду. Жаңы буттары жолтоо болду.

Эмне кылуу керек?




Ошол маалда Кырк аяк эже келип калды. Ал курдашынан кичинекей Эл кайда көчөт кырк бут тиктирип жатат деп угуп келген болчу.

– Кандайсың? Эмне болду?

– Уча албай койдум... Баса албай да жатам... Ал тургай, жөргөлөй да албадым! – деп Эл кайда көчөт ыйлап жиберди.

– Албетте, сен анте албайсың! Кырк аяктар учпайбыз да. Биз кырк бут менен басканды туулгандан баштап үйрөнөбүз. Сен кырк бут менен басканды билбейсиң!



– Анда эмне кылсам болот? – деп ыйлады Эл кайда көчөт


– Менимче, эң негизгиси – сенин мурдагы кебетеңе кайра кайтышың керек. Мурда кандай болсоң – ошондой эле калышың керек. Анан кайрадан уча баштайсың. Учканды жакшы билесиң да!

Эл кайда көчөт макул болуп, башын ийкеди.

– Кана, эмне кылалы? – деп жылмайды доктор Бульдог.

– Мен мурдагыдай эле алты буттуу болушум туура экен – деп аргасыз сүйлөдү Эл кайда көчөт. Ошондо анын кызыл канаттары мурдагыдан да кыпкызыл боло түштү.

– Мына, эң сонун чечим! – деп, доктор Бульдог, апасы жана Кырк аяк эжедагы сүйүнүп кетишти.



Кечинде Эл кайда көчөт өзүнүн кичинекей керебетинде жатып, өзүнүн, апасынын буттары алтыдан болсо да уча алышат деп ойлоду. Ал эми, Кырк аяк эженин кырк буту бар, бирок канаты жок, ал жөргөлоп жүрөт. Доктор Бульдогдун төрт буту жана курч тиштери бар.

Баары өз орду менен болгону кандай сонун!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган:
Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли